# Карыз алуучунун эсине

Насыя алуу жөнүндө акыркы чечим кабыл алынганга чейин бардык мүмкүн болгон факторлорду эске алуу зарыл, анткени насыя — бул негизги сумманы жана пайыздарды кайтаруу боюнча милдеттенмелерди камтыган чоң жоопкерчилик.

**Насыя алуу чечими-жооптуу чечим**

Карыз алуучу насыяны алууга кол коёрдон мурун, анын насыя алуусу насыялык келишим менен бекитилген негизги сумманын жана пайыздардын мөөнөтүндө кайтаруу боюнча милдеттенмени алдын алып жаткандыгына көңүл буруусу керек.

Насыя алуу жөнүндө чечим кабыл алуудан мурун, карыз алуучу төмөнкүлөргө токтолууга тийиш:

- насыянын максаттуу багытын аныктоо, насыя алуу зарылчылыгына жана аны насыялык келишимге ылайык өз убагында төлөө мүмкүнчүлүгүнө баа берүү;
- насыя бериле турган шарттар, анын ичинде насыя алуу жана аны төлөө менен байланышкан бардык төлөмдөр менен таанышуу;
- насыянын пайыздык ченине көңүл буруу;
- насыя алуу менен байланышкан карыз алуучунун төлөмдөрүн эске алган жылдык эффективдүү пайыздык чендин өлчөмүнө көңүл буруу;
- насыянын абсолюттук маанидеги толук наркына көңүл буруу, анда кардардын чыгашалары, анын ичинде насыялык келишим түзүлгөн учурга карата үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөр эске алынат.

**Насыялык келишимди жана башка документтерди көңүл буруп карап чыгыңыз**

Насыя келишимине кол коюудан мурун, анын шарттарын кылдат изилдеп, «макул» жана «каршы» жактарын таразалап көрүү керек. Келишимге кол коюлганга чейин карыз алуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

- юридикалык кеңеш алуу үчүн келишимдердин долбоорлорун талап кылууга;
- эгерде келишимдин шарттары түшүнүксүз болсо, кызматкерлерден түшүндүрмө суроого.

**Насыя алуу үчүн документтерге кол коюу**

Кардардын каалоосу боюнча насыя келишими мамлекеттик же расмий тилде (тилди тандоо укугун берүү менен) түзүлөт. Келишимге кол коюу учурунда, карыз алуучу насыялык келишимдин шарттарына ылайык, андан ары карыз акча каражаттарын кайтарып берүү менен мүмкүн болуучу проблемалардан качуу үчүн насыя бериле турган бардык шарттарды тактоосу зарыл.

Келишимге жана башка документтерге карыз алуучу тарабынан болжолдонгон төлөмдөрдүн өлчөмү жөнүндө так түшүнүк жана карыз алуучунун макулдашылган мөөнөттө аларды төлөй алаарына толук ишеним болгон шартта гана кол коюлууга тийиш.

Насыялык келишимге кол коюу менен карыз алуучу анын бардык шарттарына макул экендигин жана аларды аткаруу боюнча милдеттенмелерди өзүнө ала тургандыгын эстен чыгарбоо керек. Насыя келишимине кол коюлгандан кийин жана акча каражаттарын алганга чейин карыз алуучу насыя алуудан баш тартууга укуктуу.

Насыялык келишимге ылайык милдеттенмелер аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда, күрөө предмети Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык банк тарабынан өндүрүлүп алынышы мүмкүн экендигин карыз алуучу билиши шарт.

www.ksbc.kg
bank@ksbc.kg
+996 (312) 54 34 24
+996 (705) 54 34 24
+996 (755) 54 34 24
+996 (222) 54 34 24

Лицензия НБКР №020